КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз XXVII (жыйырма жетинчи) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 08-февралы №181/XXVII-28** **Алмалуу айылы**

Кыргыз Республикасынын №291 токтому менен бекитилген "Жер мунапысын жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобосунунун 18-пунктусунун, "Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, "Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 5-пунктусунун негизинде Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан калктуу конушта буга чейин ээлеп келген турак-жайларга тиешелүү жер тилкелерин бекитип берүү жөнүндө

2022-жылдын 1-апрелиндеги №21 номерлүү "Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 токтому менен бекитилген "Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 5-пунктусунун, Кыргыз Республикасынын №291 токтому менен бекитилген "Жер мунапысын жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобосунунун 18-пунктусунун негизинде Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан калктуу конушта буга чейин ээлеп келген турак-жайларга тиешелүү жер тилкелерин бекитип берүү максатында Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан Карагай-Булак, Тогуз-Булак, Горная-Серафимовка, Алмалуу, Жогорку-Ичке-Суу, Ичке-Суу, Норус, Үч-Эмчек жана Таш-Башат айылдарында жайгашкан жана буга чейин ээлеп келген үйлөргө тиешелүү жер тилкелерин 3000м² ашпаган өлчөмдө бекитилип берилсин.
2. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн чечими чыккандан кийин, жер тилкелерин менчик укугун мамлекеттик каттоону мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын Ысык-Ата филиалында 30(отуз) күн ичинде катталсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн жер жана турак-жай, муниципалдык менчик боюнча адисинин убактылуу милдетин аткаруучу М.Бозжигитовго жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**